5 (198)

# Табышмактар.

(эл оозунан)

Табышмактар

Эл оозунан.

1934-жыл

## Мазмуну:

### Табышмактар

I. Жаратылыш

2. Өсүмдүктөр

3. Үй айбаны

4. Канаттуулар

5. Жаныбарлар

6. Киши

7. Тиричилик

8. Казан=аяк

9. Жандырмагы

I0.Түрдүү аспаптар

II. Дин

I2.Узун табышмактар

I3.Жомок табышмактар

I4.Беш балбан

I5.Бир кызга үч ашык

I6. Жаңылмачтар

Мында бардыгы I5 табышмак, I жаңылмач бар.

I934-жылы жазылган.

## Жаратылыш

### Өлүү жаратылыш

I. Учуптур машайыктан эки булбул,
Булбулдун издегени бир кызыл гүл,
Булбул издеп бир кызыл гүл тапса дагы
Конууга башча таппай айланып жүр! (күн, ай).

2. Абада жаратылыптыр бир дөңгөлөк,
Уясы үч жүз алтымыш бөлөк, бөлөк!
Төөлүктө жыйырма төрт жумурткалап
Ыйлады актуу, каралуу бир көпөлөк ( күн, саат).

3. Көрөм дарыя, чалкар көлдү,
Эки каз мекен кылып жаткан
Ортосунда жети сары балапан (асман, күн, ай, жетиген).

4. Көз үстүндө булан сөйкө - жаңы ай.

5. Самтыр, сумтур энеси бар,
Санга жеткисиз ботосу бар,
Маңгул каша буурасы бар - булут, жалдыз, ай.

6. Бир жалгыздын жүз жылкысы бар,
Биринен бири өспөй турган,
Кыямар кайымга да түшпөй турган -жылдыздар.

7. Талаага таруу чачтым - жылдыз.

8. Жыйдым, жыйдым бир келдим,
Жыя албадым бир келдим - жер, көк.

9. Жыйдым, жыйдым бир бөлөк жыя албадым бир бөлөк,
Түйдум, түйдум бир бөлөк, туя албадым бир бөлөк.
-Көк, жер.

I0. Он эки байталым бар, экөө кыйрактын кыйыры,
Экөө туура кысыр, сегизи бооз - жыл, I2 ай.

II. Он эки орок отуз чак жармысы кара,
жарымысы ак - ай, күн, түн.

I2. Ал кудайдын кудурети бир топ дарак,
Ал даракта бар он эки бутак, ал бутакта
бар отуздан жак - жыл, I2 ай, 30 күн.

I3. Бир терек көрдүм он эки бутагы бар,
Ар бутакта төрттөн уясы бар,
Ар уянын жетиден жумурткасы бар,
- жыл, I2 ай, төрт жума.

I4. Бир дарак бар, он эки жагы бар, отуз бөркү бар,
Бир жүзү ак, бир жүзү кара, акыры кыяматкаса
Бири касар, бири куур.
- жыл, он эки ай, отуз күн.

I5. Бир дарыя ичинде, теңтегерек, үч жүз алтымыш,
Бөлөк, бөлөк күндө жыйырма төрттөн бала тууйт,
бири кара, бири жарык бир көрө элек - жыл, саат.

I6. Он эки бүркүт, кырк сегиз карга, үч жүз
алтымыш беш чымчык, баарысы биригип бир жумуртка тууйт.
- Он эки ай, кырк сегиз жума 365 күн, жыл.

I7. Дүнүйөдө бир ажыдаар көрөсүңбү?
Жаркырар жалгыз көзү чекесинде,
Сөөк жок бул жанбардын денесинде.
Кабагы күндүз ачык түндө жабык.
Тартады, жакындасаң оозун ачыр,
Жолобой жакындабай чарасы жок.
Адам заат кутула албас андан качып.